**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**КЫДЫР АКЕ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**КЫДЫР АКЕ**

---

**II чакырылышынын кезектеги 12-сессиясы**

## ТОКТОМ

03.03.2026 № 12 **Ак-Суу айылы**

**Муниципалдык менчиктеги ички чарбалык ирригациялык арык-каналдарын жана суу чарба курулмаларын Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгынын менчигине өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №207 “Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү жөнүндө” токтомунун негизинде айыл өкмөтүнүн сунушун жана жергиликтүү кенештин муниципалдык менчик (жер, мүлк), айыл чарбасы (ЖКБФ,СПА), жаратылыш ресурстары, архитектура, курулуш жана экология маселелери боюнча туруктуу комиссиянын протоколун карап, талкууга алып, айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1.Ак-Суу району боюнча жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгынын негизинде түзүлгөн реестрге ылайык муниципалдык менчиктеги турган 2-3-иреттеги ички чарбалык ирригациялык арык-каналдар жана суу чарба курулмалары Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгынын менчигине өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгынын менчигине өткөрүлүп берилген муниципалдык менчиктеги ички чарбалык ирригациялык арык-каналдар жана суу чарба курулмалары айыл өкмөтүнүн мүлкүнүн бирдиктүү реестринен чыгарылсын.

3. Токтом айыл өкмөтүнүн сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Ш.Кобонбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.С.Акунов**